# Кыргыз Республикасынын Билим берүү уюмдарынын 10-11 класстары үчүн

# «Кыргыз жана дүйнөлүк адабияты» боюнча

## Предметтик стандарты

**(окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде)**

ДОЛБООР

**2017**

КР билим берүү жана илим министри
_________________Г. Кудайбердиева
«_____»_________________ 2017 ж.

# Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринин 10-11-класстарында окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептер үчүн «Кыргыз жана дүйнөлүк адабияты» курсу боюнча предметтик стандарты

## Мазмуну

1-бөлүм. Жалпы жоболор.
1.1. Документтин макамы жана түзүлүшү....................................3
1.2. Негизги ченемдик документтердин системасы....................4
1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер..................................4

2-бөлүм. Предметтин концепциясы................................................7
2.1. Кыргыз адабиятын окутуунун максаты жана милдеттери.........9
2.2. Кыргыз адабиятын окутуунун методологиялык негиздери......10
2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр..............................................11
2.4. Түйүндүү компетенттүүлүктөр менен предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы...............................................12
2.5.Мазмундук түзүмдөр. Окуу материалынын мазмундук түзүмдөр жана класстар боюнча бөлүнүшү.....................................15
2.6. Предметтер аралык байланыштар. Өтмө тематикалык түзүмдөр.............................................................16

3-бөлүм. Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар жана баалоо.
3.1. Класстар боюнча күтүлүүчү натыйжалар.................................18
3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары.....................................................................32

4-бөлүм. Билим берүү процессине коюлуучу талаптар.
4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар...............................36
4.2. Шыктандыруучу окутуу чөйрөсүн түзүү.....................................37

КР билим берүү жана илим министри
_________________Г. Кудайбердиева
«_____»_________________ 2017 ж.

ДОЛБООР

# 1-бөлүм. Жалпы жоболор

## 1.1.Документтин макамы жана түзүлүшү

Кыргызстанда жалпы орто билим берүүчү мектептерде (10-11- класстар) окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептер үчүн "Кыргыз жана дүйнөлүк адабияты" боюнча предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлунан №403 Токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүсүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде түзүлгөн.

Бул стандарт окуучуну "Кыргыз жана дүйнөлүк адабият" окуу предметинин каражаттары менен "Искусство" билим берүү тармагынын максаттарына ылайык тарбиялоонун, өнүктүрүүнүн жана окутуунун жалпы стратегиясын аныктайт, предметти өздөштүрүүгө талаптардын жыйнагын камтыйт жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилет.

Стандарттын жаңылыгы предмет биринчи жолу "Искусство" билим берүү тармагына кошулганы болуп саналат. Бул жаңылык өз кезегинде предметти окутуунун фокусун абстракттуу-илимий, идеологиялык жана таза философиялык ыктан көркөм ыкка өзгөртөт. Көркөм чыгармага адабий анализ (адабият таануу илимий деңгээлде) жүргүзүүнүн ордуна эстетикалык анализдөө менен алмаштырууга умтулууга негиз болот.

Предметтик стандарт Кыргыз Республикасында билим берүү системасында окуу процессин камсыздоочу мазмунду, жаңы педагогикалык шарттарды регламенттеген окуу программалары менен окуу китептерин түзүүчүлөргө багыт болуп кызмат кылат. Конкреттүү программаларда жана окуу китептеринде бул предметтик стандартта айтылган мамилелер, окутуунун принциптери жана методдору чагылдырылат; окуу материалын окуп-үйрөнүүнүн структурасы, ырааттуулугу, курстун айрым бөлүктөрүн окутууга бөлүнгөн окуу сааттарынын болжолдуу бөлүштүрүлүшү берилет.

## 1.2. Негизги нормативдик документтердин системасы

Бул стандарт Кыргыз Республикасынын төмөнкү нормативдик документтеринин негизинде түзүлдү:

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы (2013-ж.);

КР билим берүү жана илим министри
_________________Г. Кудайбердиева
«_____»_________________ 2017 ж.

ДОЛБООР

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы № 403 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты;
- Кыргыз Республикасында көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү концепциясы (2008-ж.);
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы № 201 «Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын өнүгүүсүнүн стратегиялык багыттары жөнүндө» токтому;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 2014-жылдын 22-июлундагы № 545/1 буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мектеп окуучуларын жана окуган жаштарын тарбиялоонун 2020-жылга чейинки концепциясы.

### 1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

**Адабий чыгарманы сөз искусствосунун көрүнүшү катары талдоо** – чыгарманы өздөштүрүүнүн эстетикалык нугу: формадан – мазмунга; турмуштук кырдаалды талдоо эмес, жазуучу тарабынан чагылдырылган турмуштук кырдаал кантип чагылдырылгандыгын, кантип баалангандыгын талдоо; бул фактылардын тышкы катмарын кайра баяндоо, ким, эмне, кайда жана ким менен эмне болгондугун тактоо эмес, автордун позициясын чечмелөө, түшүнүү болуп саналат.

Адабий чыгарманы талдоо сөздүн жардамы менен жаралган образдын көп маанилүүлүгүн түшүнүүгө багытталган.

**Адабий чыгармаларды кабыл алуу** – өздөштүрүп жаткан чыгарманын мазмунуна окурмандын өз жашоосундагы тажрыйбасын, дүйнөнү өзүнүн ачык көрө алуусун, өзүнүн башынан өткөргөндөрүн, өз мезгилиндеги социалдык маанилүү окуяларды баалоосун кошумчалоо жөндөмдүүлүгү. Көркөм образды баамдап түшүнүүнүн маанилүү жана зарыл элементи болуп эстетикалык кабыл алуу процессинде пайда болгон эмоциялар жана жазуучу жараткан көркөм образдарга өз мамилесин ойлору, сезимдери аркылуу көрсөтүү жөндөмү: аларды элестетүү, алар менен кошо кайгыруу же сүйүнүү, аларга маани берүү, баалоо.

**Адабий чыгарманы алгачкы кабыл алуу –** окуучу текстти өз алдынча окуп чыккандан кийинки пайда болгон ойлор, образдуу жана эмоционалдуу

ДОЛБООР

КР билим берүү жана илим министри
_________________Г. Кудайбердиева
«_____»_________________ 2017 ж.

таасирленүүсү. Бул этаптагы иштер чыгарманы мындан ары анализдөө, маңызды түшүнүү, ойлонуу жана тереңдетүү үчүн багыт болот.

**Адабий чыгарманы экинчи ирет кабыл алуу** – чыгарманын үстүнөн иштөөнүн этабы, бул этапта окуучулар кайра окуп чыгышат, окуганы боюнча чыгармачыл тапшырмаларды аткарышат жана чыгарма боюнча жалпылашат.

**Интерпретациялоо** – түшүндүрүү, көркөм чыгарманын бүтүндөй маанисин, анын идеясын, концепциясын кабылдоо.

**Интеграциялашкан (тутумдашкан) курс** – бир эле билим берүү тармагына же ошол эле билим берүү багытына кирүүчү дисциплиналардын мазмунунан түзүлгөн курс, бирок, айрыкча адабият боюнча кайсы бир бирдиктүү билим берүү тармагынынын базасында түзүлүшү зарыл.

**Компетенттүүлүк** – окуучунун ар түрдүү билимдердин, билгичтиктердин элементтерин жана иш - аракеттин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) өз алдынча колдонууга болгон интегративдик жөндөмдүүлүгү.

**Адабий-чыгармачылык компетенттүүлүк** – окуган чыгармаларынын жана жеке тажрыйбасынын негизинде адабий чыгармачылыкка жөндөмдүүлүгү, ар түрдүү темадагы, жанрдагы жана формадагы адабий чыгармачыл чакан иштерди жазууга жөндөмдүүлүгү; адабий чыгармалар, жеке таасирленүүлөрү, сунушталган лексика менен сүйлөп берүү схемасына таянуучу ассоциациялар жөнүндө оозеки жана жазуу түрүндө кепти жаратуусу, стилдик боёктогу кепти колдонуусу.

Кыргыз жана дүйнөлүк адабияты сабагындагы **ойлоо ишмердүүлүгү** – окуучуларды адабий чыгарманы түшүнүүгө жана анын маанисин жаратууга багыттаган атайын уюштурулган активдүүлүк.

**Божомолдоо** – текстти окуурдун алдында андагы окуяларды алдын-ала билип, андоо, баамдоо. Чыгарманын аталышы, таяныч сөздөр, тексттин алдында сунушталган сүрөт боюнча окурмандык тажрыйбага таянып тексттин маанилик, тематикалык жана эмоционалдык багытталышын аныктоо.

**Көп маданияттуулук принциби** – “Искусство” билим берүү тармагынын жоболорунун бири, ага ылайык сабак учурунда окуучулар этностордун, социалдык топтордун жана маданияттардын искусстводо чагылдырылган жалпылыгы жана өзгөчөлүктөрү жөнүндө түшүнүктөрүн калыптандырышат.

**Мазмундук нуктар –** ушул билим берүү стандартындагы окулуп жаткан предметтин негизин түзгөн түшүнүктөрдүн өзөгү. Мазмундук нуктар – бул предметтин талданып белгиленген бөлүктөрү, окуучулар өздөрү окуп жаткан



ДОЛБООР

предмет жөнүндө өз ара байланышкан элементтердин структурасы катары, ушул структурада өз орду бар предмет катары түшүнүк ала турган бөлүктөрү.

**Окурмандык компетенттүүлүк** – адабий чыгарманы искусствонун түрү катары тез туура окууга, эмоционалдуу кабыл алууга жана түшүнүүгө жөндөмдүүлүк, искусствонун башка түрлөрүнүн катарында Кыргыз жана дүйнөлүк адабиятынын өзгөчөлүгү жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу, образдуу сөздүн көркөм көп маанилүүлүгүн, маалыматтуулугун, ассоциативдүүлүгүн, көрүү жана угуу дааналыгын ачуу аркылуу образдык сөздү түшүнүү жана инсандык деңгээлде кабыл алуу; кепти толуктоо жана байытуу; теориялык-адабий түшүнүктөр жөнүндө үйрөнүүчү предмет катары эмес, көркөм чыгарманы түшүнө билүүгө жардамдашкан курал, каражат катары түшүнүктү өнүктүрүү. Окуучулардын түрдүү элдерге жана маданияттарга таандык адабий чыгармаларды салыштыруу, талдоо көндүмдөрүнө ээ болуусу.

**Окурманга багытталган ыкма** – максаттарды пландаштыруу окуучунун окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандырууга, кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, көркөм текстти талдоо жана интерпретациялоого, аны чыгармачыл иштеп чыгууга жана өз текстерин жаратууга көңүл бурган ыкма.

**Баалуулук-маанилик компетенттүүлүк –** бул инсандын баалуулук багытталуу чөйрөсүндөгү компетенттүүлүк; окуучунун ар түрдүү элдердин, мезгилдердин адабиятында жаралган дүйнөнүн картинасын өздөштүрүү тажрыйбасын жыйноо менен байланышкан руханий баалуулуктарды түшүнүүгө жана өздөштүрүүгө жигердүү катышуу жөндөмдүүлүгү; көркөм образды кабыл алуу жана анын адеп-ахлактык, эстетикалык маңызын баамдоо жөндөмдүүлүгү.

**Эмоционалдык мамилесин билдирүү** – окуучунун искусствонун чыгармасына сезимдерин билдирүүсү, өз ойлорун, кошо кайгыруу же кубануусун, эмоционалдуу-баалоочу ой жүгүртүүсүн, чыгармага, каарманга, сүрөттөлгөн окуяларга өз мамилесин билдирүүсү.

## 2-бөлүм. Предметтин концепциясы

Адабияттын окуу предмети катары мазмунунун негизин кыргыз, орус, чыгыш жана чет өлкө адабияттарынын алтын фондун түзгөн көркөм чыгармаларынын негизин окутуу кыргыз тилинде окуп-үйрөнүү түзөт. Адабият ааламдын сырын, адамдын жан дүйнөсүнүн эстетикалык камылгасын, туюмун кабылдап, анын турмушунун ар кыл жактарын көркөм образдар аркылуу

чагылдырат. Адабияттын адеп-ахлактык, эстетикалык, таалим-тарбиялык, дүйнө таануучулук жана билим берүүчүлүк мүмкүнчүлүгү өтө кенен.

Адабий чыгармаларды кабыл алуу, талдоо, интерпретациялоо окурмандык ишмердүүлүктүн белгилүү ыкмаларына жана түрлөрүнө негизденишет, кыргыз, орус жана өзбек адабиятынын чыгармаларындагы темалардын, образдардын, сюжеттердин салыштырылышы менен жупташып биригишине негизденет.

Мектепте окутуу үчүн көркөм чыгармаларды тандоонун негизги критерийлери болуп (Л.А.Шейман боюнча) алардын

- берилген адабият үчүн жазуучунун чыгармачылыгынын мүнөздүүлүгү
- жогорку көркөм баалуулугу,
- улуттук, аймактык жана жалпы адамзаттык руханий баалуулуктарга багытталгандыгы,
- баланын жаш өзгөчөлүгү үчүн тилдик жана көркөм маданий жеткиликтүүлүгү,
- окуу-методикалык каражаттардын жеткиликтүүлүгү менен камсыздоо мүмкүнчүлүгү эсептелет.

Адабият курсу окурмандык багыттагы окутууга таянат. Ушуга байланыштуу негизги концептуалдык жоболор окуучулардын адабий өнүгүүсүнүн төмөнкү факторлоруна таянат:

- мектеп окуучуларынын жакынкы өсүү зонасын эске алуу менен окурмандык өнүгүүсүнүн жаш курак өзгөчөлүктөрү;
- Кыргыз Республикасынын шарттарында окуу материалын өздөштүрүүнүн реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу (Л.А. Шейман);
- бул же тигил адабият үчүн атайын көркөм образдуулуктун өзгөчөлүктөрү;
- түрдүү элдерде дүйнөнүн улуттук образдарынын дал келбестигин эске алуу;
- адабий чыгармаларды окуу маданиятынын өнүгүү процесси окуучунун оозеки жана жазуу кебинин өнүгүүсү менен байланышарына таянуу;
- сабактагы сөздүк-фразеологиялык иштин өзгөчөлүгүнө, алдын-ала жана кошо комментарийлерге таянуу;
- түрдүү авторлор менен элдердин адабияттарынын улуттук өзгөчөлүктөрүн, өз ара аракеттешүүсүн эске алуу менен көркөм текстти кабыл алуу жана түшүнүү деңгээлдери жөнүндө көрсөтүм.



ДОЛБООР

Көркөм чыгармаларды окуу окуучулардын өнүгүү каражаты катары каралат. Окуучунун адабий өнүгүүсү окуучунун жаш курагын эске алат, башталгыч класстарда алган окутуунун тилиндеги окурмандык даярдыгына таянат, анын жалпы өнүгүүсү менен, дүйнөлүк көз карашынын калыптануусу жана адеп-ахлактык баалардын эволюциясы менен түздөн-түз байланышта болот. Экинчи тилди билүү менен байланышкан чектөөлөр айрым адабий чыгармалардын, ошондой эле алардын үзүндүлөр аркылуу окутуу үчүн сунушталган санын кыскартуу зарылдыгын жаратат.

Окуучулардын адабий өнүгүүсүнүн үч мезгили бөлүп көрсөтүлөт. (Н.Д. Молдавская, В.Г. Маранцман, О. Никифорова).

Бул көз караштан алганда, адабиятты окутуунун негизин мектепте билим берүүнүн ушул акыркы этабында, текстти биринчи ирет “момун-реалисттик” (Г.А.Гуковский) кабыл алуу гана эмес, ой жүгүртүү процессин өнүктүрүүгө багытталган аналитикалык талдоо түзөт. Бул болсо чыгарманы биринчи ирет кабыл алуу менен аны жыйынтыктоочу эстетикалык аңдоонун ортосундагы байланыштырган звено болуп калат.

**Көп маданияттуулук принциби.** Бул принциптин негизинде мыкты же начар маданият деген түшүнүктөр жок экени жөнүндө гуманисттик идея жатат. Бардык маданияттар өз мазмуну менен айырмаланат, ар биринин өз өзгөчөлүктөрү бар, ал эми маданияттын маанилүүлүгү индивиддер менен аныкталат. Көп маданияттуулук принциби билим берүүнүн мазмуну Кыргызстандагы коомдун көп улуттуу табиятын чагылдыруу учурунда, түрдүү этникалык маданияттын белгилүү бир элементтерин чагылдыруу керек деп эсептейт. Адабияттардын жупка кошулушу, алардын ар биринин спецификалык өзгөчөлүктөрүнө, ошонун ичинде, кыргыз адабиятынын фольклордук негизине көңул буруу, турдүү доорлордун жана элдердин адабий чыгармаларын салыштырып окуу – Кыргызстандагы мектеп окуучусунун окурман катары өнүгүү жана байуу жолдору. Мында этникалык маданияттар – бул өлкөдө жашаган бардык адамдардын жалпы байлыгы, кыргызстандык жалпы улуттук маданият этникалык өз ара байуу жана өз ара сиңип аралашуу тарыхый процессинин жемиши экендиги жөнүндө жоболор негиз болуучу жоболор болушу керек.

Стандарттын негизин М.М.Бахтиндин адабият жөнүндө көркөм бүтүндүк катары, дүйнөнүн көркөм модели катары караган концепциясы түздү. Өсүп келе жаткан жаш адамды текст аркылуу автор менен маектешүүгө үйрөтүү, бул маектин толук жарамдуу катышуучусу болууга үйрөтүү – адабияттын мектеп курсунун негизги билим берүүчүлүк милдети.

КР билим берүү жана илим министри
________________Г. Кудайбердиева
«_____»________________ 2017 ж.

ДОЛБООР

Маданияттуу окурмандын алдында эки милдет турат:

1) чыгарманы автор өзү түшүнгөндөй түшүнүү, дүйнө картинасын “автордун көзү” менен көрүүгө аракеттенүү;

2) окулган чыгарманы өзүнүн (автордукунан айырмаланган) турмуштук жана маданий контекстине кошуп алуу.

## 2.1. Окутуунун максаттары жана милдеттери

**Окутуунун максаттары:**

- адабий чыгармаларды алардын өз ара байланышында окутуу;
- адабий процесс жана анын негизги мыйзам ченемдүүлүктөрү, адабий-көркөм стилдердин көп түрдүүлүгү тууралуу жалпы түшүнүк берүү;
- негизги окурмандык компетенттүүлүктөрдү тереңдетүү жана жакшыртуу.

**Милдеттери:**

- окуучулардын өз адабиятынан образдуу-эстетикалык системасы боюнча айырмаланган адабияттын чыгармаларын эстетикалык кабыл алуусун калыптандырууга шарт түзүү;
- өз адабиятын окуу менен катар башка адабияттын көркөм образдуулугуна жана адеп-ахлактык баалуулуктарына тартуу жолу менен окуучулардын руханий дүйнөсүн байытууга шарт түзүү;
- өз адабияты менен башка адабияттардын чыгармаларын салыштыруу, алардагы окшош темаларды, көйгөйлөрдү, идеяларды табуу, улуттук шартталган өзгөчөлүктөрдү аныктоо көндүмдөрүн калыптандырууну камсыздоо;
- окуучуларды оозеки жана жазуу кебин жакшыртууга, экинчи тилде адабий чыгармачылыкка кызыктыруу.

## 2.2. “Кыргыз жана дүйнөлүк адабият” предметин окутуунун методологиялык негиздери

Предметтин методологиясынын негизи – илимде көрсөтүлгөн теориянын жана ыкмалардын теориялык абалы.

**Адабияттарды өз ара байланышта окутуу принциби**. Бул принципти ишке ашыруу көркөм-эстетикалык багыттарды, жакын тематикадагы чыгармаларды мазмундук жактан талдоого алуу, сюжети окшош чыгармаларды

ДОЛБООР

үйрөнүү, автордук тексттин стилистикалык өзгөчөлүгүн дүйнөлүк адабият жана жеке улуттук мурастын баалуулуктары менен бирдикте табууну көздөйт.

Окуучулардын башка адабиятты эмоционалдык-эстетикалык кабыл алуусунун өзгөчөлүгүнө этномаданияттын тийгизген таасиринин **илимий негиздери** (Л.А. Шейман, М.В. Черкезова), «окуудагы этномаданияттаануу» илимий-методикалык багытына (Л.А. Шейман) жана адабий чыгармаларды тутумдаштырып окутуунун маданиятаануучулук принциптерине таянуу.

**Көп маданияттуулук принциби** Кыргызстандын көп маданияттуу коомчулугунун шартында адабиятты окуп-үйрөнүүдөгү негизги принцип болуп саналат. Ал башка элдин маданиятын түшүнүүнү калыптандырууга, этникалык башка адамдарга мамиле боюнча толеранттуулукту тарбиялоого, башка адамдарды түшүнүү жана алар менен өз ара аракеттешүү жөндөмдүүлүгү, атуулдукту тарбиялоого жана Кыргызстанды көп адамдардын жалпы үйү катары сүйүү сезимине кызмат кылат. Ата мекендик адабияттын дүйнөлүк адабияттын контекстинде барктуулугун түшүнүү маанилүү болуп саналат.

**Тексттерди түшүнүү жөнүндө илим (**герменевтика) кабыл алуунун, интерпретациялоонун, адабий кубулуштар менен образдарды түшүндүрүүнүн принциптеринин жыйындысы катары "адамдын ички тажрыйбасына" негизденет. Көркөм образдарды өзүнүн инсандык адептик, эстетикалык, интеллектуалдык тажрыйбасы менен салыштыруу аркылуу текстти түшүнүү, ошондой эле окуучу тиешелүү болгон элдин маданиятындагы тажрыйбаны эске алуу менен таяныч боло аларлык түшүнүү болуп калат.

**Баалуулуктардын теориясы** (аксиология**)** искусство чыгармаларын окуу жана маани берип түшүнүүнүн негизинде көркөм, адеп-ахлактык жана маданий баалуулуктарды калыптандырууну божомолдойт.

**Искусствону көркөм кабыл алуу психологиясы** көркөм чыгармага көз караштуу адамдардагы эмоцияны ойготуу үчүн багытталган эстетикалык мазмунга көз караш катары көрсөтөт (Л.С. Выготский).

Бул стандарттарды иштеп чыгуу үчүн негиз түзүүчү базалык категориялар болуп окуучулардын "**кабыл алуу**" жана "**өнүгүү**" категориялары саналат.

**Кабыл алуу** болуп бул учурда адабий чыгармалардагы эстетикалык маалыматты окуучулардын түшүнө билүү жана кайра түзүү деңгээли эсептелет.

**Өнүгүү** предмет боюнча окутуунун бүткүл аралыгында окуучулардын адабий чыгармаларды түшүнүүсүндөгү өзгөрүүлөрдүн ырааттуулугун чагылдырат. Өнүгүү мектеп окурманынын инсан болуп жетилүү этабын эске алат.

ДОЛБООР

## 2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр

**Окурмандык компетенттүүлүк** – адабий чыгарманы искусствонун түрү катары окууга, эмоционалдуу кабыл алууга жана түшүнүүгө жөндөмдүүлүк, искусствонун башка түрлөрүнүн катарында адабияттын өзгөчөлүгү жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу, образдуу сөздүн көркөм көп маанилүүлүгүн, маалыматтуулугун, ассоциативдүүлүгүн, көрүү жана угуу дааналыгын ачуу аркылуу образдык сөздү түшүнүү жана инсандык деңгээлде кабыл алуу; кепти толуктоо жана байытуу; теориялык-адабий түшүнүктөр жөнүндө үйрөнүүчү предмет катары эмес, көркөм чыгарманы түшүнө билүүгө жардамдашкан курал, каражат катары түшүнүктү өнүктүрүү. Окуучулардын ар башка элдерге жана маданияттарга тиешелүү адабий чыгармаларды салыштыруу, талдоо көндүмдөрүнө ээ болуусу.

**Баалуулук-маанилик компетенттүүлүк** – бул инсандын баалуулук багытталуу чөйрөсүндөгү компетенттүүлүк; окуучунун ар түрдүү элдердин, мезгилдердин адабиятында жаралган дүйнөнүн картинасын өздөштүрүү тажрыйбасын жыйноо менен байланышкан руханий баалуулуктарды түшүнүүгө жана өздөштүрүүгө жигердүү катышуу жөндөмдүүлүгү; көркөм образды кабыл алуу жана анын адеп-ахлактык, эстетикалык маңызын баамдоо жөндөмдүүлүгү.

**Адабий-чыгармачылык компетенттүүлүк** – окуган чыгармаларынын жана жеке тажрыйбасынын негизинде адабий чыгармачылыкка жөндөмдүүлүгү, ар түрдүү темадагы, жанрдагы жана формадагы адабий чыгармачыл иштерди жазууга жөндөмдүүлүгү; адабий чыгармалар, жеке таасирленүүлөрү, ассоциациялар жөнүндө оозеки жана жазуу түрүндө кепти жаратуусу, стилдик боёктогу кепти колдонуусу.

Предметтик компетенттүүлүктөр предмет боюнча билим берүүнүн натыйжаларынын тизмегинде көрсөтүлгөн жана динамикада берилген.

Окутуунун убактысы өткөн сайын компетенттүүлүктүн окуучу өздөштүргөн элементтеринин саны жана сапаты артат:

- окутуудагы күтүлүүчү натыйжалардын терендөө деңгээлинде
- компетенттүүлүктүн элементтери кеңейүү деңгээлинде
- күтүлүүчү натыйжалардын көрсөткүчтөрү деңгээлинде
- адабий материалдын тапшырмаларын чечүү жана өздөштүрүү татаалдыгы деңгээлинде;

Компетенттүүлүктөр мазмундук нуктардын чегинде кесилишип, өз ара жуурулушат, өз ара аракеттенишет, окуучунун жеке тажрыйбасын байытат.

КР билим берүү жана илим министри
_________________Г. Кудайбердиева
«_____»_________________ 2017 ж.

**2.4. Түйүндүү жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы**

Билим берүүнүн мазмунунун жалпы (бардык предметтер үчүн) жана предметтик (ар бир окуу предмети үчүн) болуп экиге бөлүнүшүнө ылайык эки деңгээлдеги компетенттүүлүктөр түзүлүп чыгат:

1) түйүндүү компетенттүүлүк – билим берүүнүн жалпы мазмунуна тиешелүү;

2) предметтик компетенттүүлүк – компетенттүүлүктүн мурунку деңгээлине карата мамиле боюнча жеке компетенттүүлүк, окуу предметинин алкагында калыптандыруу мүмкүнчүлүгүнө жана конкреттүү сүрөттөөгө ээ.

Түйүндүү билим берүүчү компетенттүүлүк ар ирет окутуунун ар бир баскычында билим берүүчүлүк тармактын жана окуу предметтин деңгээлинде конкреттештирилет жана предметтик тармакта аныкталат.

Бул курста түйүндүү жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы предметтик компетенттүүлүктөрдүн билим берүүчүлүк натыйжаларда ишке ашырылышын көрсөткөн мисалдар менен 1-схемада тааныштырылган.

ДОЛБООР

КР билим берүү жана илим министри
_________________Г. Кудайбердиева
«_____»_________________ 2017 ж.

**1-схема: Түйүндүү компетенттүүлүктөрдүн предметтик компетенттүүлүктөрдө көрсөтүлүшү (мисалдар менен).**




Предметтик компетенттүүлүк бардык билим берүү баскычтары аркылуу өткөн негиз катары каралат жана предметти бүтүндөй көзөп өтөт. Ал «конкреттүү сүрөттөөгө жана конкреттүү окуу предметинин алкагында калыптандыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ» (А.В. Хуторской). Биз предметтик компетенттүүлүк дегенде окуучулардын адабият предметинин тарамында түрдүү билимдерди, билгиликтерди жана көндүмдөрдү колдонуу жөндөмдүүлүгүн жана кийинки билим алуусунда да практика жүзүндө ушул билимдерин колдонуп кете алуусун түшүнөбүз. Окуучунун окуу ишмердүүлүгүнүн сапатын аныктоодо предметтик компетенттүүлүк алдыңкы катардагы жетекчи компетенттүүлүк болуп эсептелет. Предметтик

компетенттүүлүк **окуу жана практикалык ишмердүүлүктө ар дайым иш жүзүнө ашырылып турганда гана ийгиликтүү** калыптандырылат. Педагог окуу тексттерине жана адабий тексттерине керектүү иш-аракеттери менен кайсы мазмунга максимум көңүл буруу керектигин баамдап түшүнгөндө гана окуучунун компетенттүүлүгү жогорку деңгээлде калыптанат.

ДОЛБООР

КР билим берүү жана илим министри
_________________Г. Кудайбердиева
«_____»_________________ 2017 ж.

## 2.5. Мазмундук түзүмдөр. Окуу материалынын мазмундук түзүмдөр жана класстар боюнча бөлүнүшү

Бул предметтик стандартта мазмундук нуктар адабий чыгарманын ар түрдүү аспекттери жөнүндө түшүнүк берет, анын структуралык өзгөчөлүктөрүн ачышат. Мазмундук нуктар адабияттын мектеп курсунун негизги компоненттерин аныкташат.

Мазмундук нуктар педметтин биримдигин камсыздашат, бул болсо предметтин бардык бөлүктөрү жана темалары аркылуу өтүүчү мазмунунун, негизги түшүнүктөрүнүн өзүнчө каркасы. 1-таблицада предметтин класстар боюнча негизги мазмунун ачып берген мазмундук нуктардын жана окуу материалдын варианты көрсөтүлгөн.

### 1-таблица. Окуу материалынын мазмундук нуктары жана класстарга бөлүнүшү

| № | Мазмундук нуктар | 10-класс | 11-класс |
|---|---|---|---|
| **1.** | **Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | Адабий тектер жана жанрлар. Чыгармадагы негизги южеттик сызык. Негизги эпизоддор. Композициянын элементтери (пейзаж, портрет, интерьер). | Чыгармалардын негизги сюжеттик линиялары, негизги эпизоддору.<br>Адабий багыттардын жана агымдардын жалпы мүнөздөмөсү. Поэзия жана проза. |
| **2.** | **Адабий каармандын образы** | Чыгарманын негизги каармандары.<br>Реалисттик жана романтикалык образдар.<br>Лирикалык каарман, драмалык персонаж. | Адабий каармандар жөнүндө түшүнүктөрдү өнүктүрүү. Адабияттагы инсандын идеалы. |
| **3.** | **Көркөм кеп** | Чыгармадагы көркөм сөздүн көп маанилүүлүгү. Образдуу сөздөр жаан сөз айкаштар. Этномаданий лексика. Көркөм сөз каражаттары (эпитет, салыштыруу, метафора ж.б.) | Жазуучулардын, акындардын жана башка жанрлардын (фильм, спектакль, чыгып сүйлөө, чакан макала ж.б.) чыгармаларында көркөм сөздүн образдык жана эмоционалдык тыгыздыгы. |
| **4.** | **Автор (автордук, көркөм дүйнө)** | Автор, чыгармадагы автордук бааны билдирүүнүн мүнөздүү ыкмалары. Жазуучунун чыгармачылыгынын негизги темалары, көйгөйлөрү, программалык чыгармаларынын идеялык мазмуну. “Түгөнбөс” темалар. Түрдүү элдердин адабиятынын өз ара байланыштары. | Жазуучулардын адабияттагы маанилүү ысымдары, алардын негизги чыгармалары.<br>Жазуучунун чыгармачылыгынын маанилүү сапаттары жөнүндө жалпы түшүнүк (адабий багытка таандыгы, мезгилге дал келүүсү, негизги темалары, каармандары, чыгармаларынын мүнөздөмөсү). |

КР билим берүү жана илим министри
__________________Г. Кудайбердиева
«_____»_________________ 2017 ж.

ДОЛБООР

## 2.6. Предмет аралык байланыштар. Өтмө тематикалык түзүмдөр

Предметтер аралык байланыштар “Кыргыз жана дүйнөлүк адабиятынын" “Искусство” билим берүүчүлүк тармагынын чектеш предметтери менен (“Музыка”, “Көркөм сүрөт”, “Ата-мекендик жана дүйнөлүк көркөм маданият” предметтери менен) өз ара байланыштарын бөлүп көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет. “Искусство” билим берүүлүк тармагынын предметтерин окутуу дүйнөгө эстетикалык мамиле менен көркөм-чыгармачылык элестетүүнү өнүктүрүүнү, искусствонун конкреттүү түрлөрүнүн тилине жана көндүмдөрүнө ээ болууну камтыган бирдиктүү негиздерде ишке ашат. Искусствонун түрлөрү бул концепцияда “Искусство” билим берүүлүк тармагынын бирдиктүү көркөм мейкиндигинин модулдары катары каралат. Мындай мамиле төмөнкү ыктарды божомолдойт: адамдардын акыл, руханий жана көркөм эмгегинин жемиштериндеги жана жаратылыштагы укмуш сулуулукту түшүнө алууну жана баалоону билүү; адам баласынын жана өз элинин маданий өнүгүүсүнүн жемиштери менен колдоно билүү; коомдук маданиятты жаңылантуу жана колдоо процессине колдон келишинче катыша билүү; көркөм баарлашуу жана искусствонун ар кайсы түрлөрүндөгү көркөм чыгармачылык жолу менен, ошондой эле дүйнөнүн, өлкөнүн, мектептин маданий жашоосуна катышуу аркылуу окуучулар өз инсандыгын өркүндөтүшөт.

Бардык предметтерде окуучулардын кабыл алуусу кубулуштарды эмоционалдык баалоодон образдык баалоого, андан кийин гана рационалдык анализге карай жылат. Искусство өзүнүн маанисин эч качан жоготпой турган түбөлүк баалуулуктарды жаратат. Искусствонун бардык түрлөрүн маданияттын форма түзүүчү фактору, маданияттын жалпы “тили” болгон образ деген түшүнүк концептуалдык жана психологиялык негиз катары бириктирет. Так ушул нерсе окутуу процессинде аталган предметтер аралык тыгыз байланышты аныктоого мүмкүндүк берет.

Предмет аралык байланыш ошондой эле баарынан көбүрөөк эне тили жана экинчи тил, экинчи тилде окулган адабият, тарых, коом таануу менен байланышта көрүнөт.

2-таблицада адабиятты өтмө тематикалык түзүмдөрдү бөлүп көрсөтүүнүн негизинде окутуу процессинде предмет аралык байланыштарды кантип ишке ашыруу мүмкүндүгү көрсөтүлгөн.

КР билим берүү жана илим министри
_________________Г. Кудайбердиева
«_____»_________________ 2017 ж.

ДОЛБООР

2-таблица. **Кыргыз жана дүйнөлүк адабияты предметиндеги предметтер аралык байланыштар жана өтмө тематикалык түзүмдөрдү ишке ашыруунун деңгээлдери**

| **Предметтер** | **Байланыштар** |
|---|---|
| 1. Музыка. Көркөм өнөр. Ата-мекендик жана дүйнөлүк көркөм маданияты. Мектептеги окутуунун тилиндеги адабият. | Негиздердин жалпылыгына таяныч:<br>– бирдиктүү мазмундук түзүмдөр;<br>– жалпы компетенттүүлүктөр;<br>– чыгарманы эстетикалык баалоонун жалпы критерийлери;<br>– дүйнөнү эстетикалык өздөштүрүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү;<br>– ишмердүүлүктүн мазмуну (искусствонун чыгармаларын кабыл алуу)<br>– Ата мекендин маданияттынын эстетикалык жана көркөм баалуулуктары жөнүндө билимдер<br>– эстетикалык сезип кайгыруу же кубануулардын тажрыйбасын калыптандыруу<br>– элдик чыгармачылык менен этномаданий салттардын эмоционалдык түшүнүү тажрыйбасы |
| 2. Эне тили | Эне тили курсунда калыптанган компетенттүүлүктөргө таяныч:<br>– эне тилге баалуулук мамиле жана башка тилдерге сылык мамиле<br>– чыгармачылык оозеки жана жазуу иштеринин жанрларына ээ болуу;<br>– көркөм сөз каражаттарын колдонуу. |
| 3. Тарых. Адам жана коом. | Темалар менен көйгөйлөрдүн жалпылыгына таяныч:<br>– ата мекендик жана дүйнөлүк тарыхтын өткөнү менен азыркысынын темалары;<br>– Кыргызстандын тарыхынын маанилүү окуялары жана улуттук баатырлар жөнүндө түшүнүк;<br>– өтмө идеялар жана «түбөлүк» көйгөйлөр (тарыхый жана күнүмкү тынчтык жашоонун, согуштар менен тынчтыктын, өмүр менен өлүмдүн окуялары);<br>– универсалдуу категориялар жана баалуулуктар (жакшылык, башка маданияттарды сыйлоо, сүйүү, акыйкаттык, толеранттуулук ж.б.)<br>– жалпы темалар (инсан жана мораль, милдет жана жоопкерчилик, үй-бүлө жана нике, кылмыш жана кыянат, адам жана табият). |

КР билим берүү жана илим министри
__________________Г. Кудайбердиева
«_____»__________________ 2017 ж.

ДОЛБООР

## 3-бөлүм. Окутуунун күтүлүүчү натыйжалары жана баалоо

### 3.1. Окуу материалдарынын мазмундук түзүмдөргө жана класстарга күтүлүүчү натыйжалар боюнча бөлүштүрүлүшү

Бул бөлүктө окуучунун түйүндүү жана предметтик компетенттүүлүктөрүнөн түзүлүүчү окутуунун күтүлүүчү натыйжалары көрсөтүлгөн. Күтүлүүчү натыйжалардын ар бирине ар бир окуучу жетишүүсү милдеттүү болуп саналат.

Күтүлүүчү натыйжалар сандардын ирети аркылуу белгиленген. Иреттеги ар бир сан кандайдыр бир маалыматты камтып турат. Мисалы, 10.1.1.1. күтүлүүчү натыйжа 10-класстар үчүн билим берүүчүлүк натыйжаны көрсөтөт (биринчи сан). Экинчи сан компетенттүүлүктүн иретин көрсөтөт. Бул жерде – «Окурмандык компетенттүүлүк». Үчүнчү мазмундук нукту көрсөтөт. Акыркы сан күтүлүүчү натыйжанын иреттик катарын билдирет. Бул жерде 1 саны (бир) б.а. биринчи күтүлүүчү натыйжа.

Ар бир класстын күтүлүүчү натыйжалары мурунку натыйжаларга таяна турганын жана ошондой эле мурунку класстын натыйжаларын ушул класстагы окутууга кошо турганын эске алуу керек. Ошентип, педагог мурунку класстагы күтүлүүчү натыйжаларды эске гана албастан, мурунку күтүлүүчү натыйжаларды өнүктүрүүнү улантат.

ДОЛБООР

КР билим берүү жана илим министри
__________________Г. Кудайбердиева
«_____»__________________ 2017 ж.

## Негизги мазмундук нуктар жана класстар боюнча окутуунун натыйжалары

**10-класс**

**Адабий чыгармаларды түшүнүү каражаттары: теориялык түшүнүктөрдүн минималдык тизмеси**

Адабий процесс тууралуу түшүнүк, адабий багыттар (романтизм, реализм), чыгармалардын жанрлары тууралуу түшүнүк; жазуучунун жеке стилинин өзгөчөлүгү; көркөм ыкмалар, адабий сын, салттуулук жана жаңычылдык, жалпы маданий жана этно маданий баалуулуктар.

| № п/п | Компетенттүүлүк | Мазмундук нуктар | 10-класс | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Күтүлүүчү натыйжалар | Сунушталуучу көрсөткүчтөр |
| | **1.Окурмандык** | **1. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | **10.1.1.1.** Түрдүү жанрлардагы окуган тексттерден үзүндүлөрдү үн чыгарып жана өз алдынча окуйт. | 1. Бат окуу көндүмдөрүн **көрсөтөт** (мүнөтүнө 90 – 100 сөз).<br>2. Сөздөрдүн, сөз айкаштардын айтылыш орфоэпиялык нормаларын **сактайт**.<br>3. Берилген үзүндүнү туура окуу үчүн керектүү интонацияны **аныктап окуйт**. |
| | | | **10.1.1.2.** Тексттин мазмуну боюнча суроолорго жооп берет. | 1. Окуган текстин түшүнүү үчүн сөздүк **колдонот**.<br>2. Тексттеги сөздөрдүн, сөз айкаштардын маанисин **түшүндүрөт**. |
| | | | **10.1.1.3.** Айтып берүүнүн түрлөрүнө (кыскача, ой жүгүртүүгө аңгеме, тандап айтып берүү) план түзөт. | 1. Текстти мазмундук бөлүктөргө бөлөт, бөлүнүшүн кыскача **түшүндүрөт**.<br>2. Пландын пункттарын атоонун түрдүү формаларын **колдонот**. |
| | | | **10.1.1.4.** Чыгарманын негизги окуяларын айтып берет. | 1. Текстте негизги эпизоддорду **бөлүп көрсөтөт.**<br>2. Айтып берүү үчүн тексттеги негизги сөздөрдү, сөз айкаштарды **тандайт**.<br>3. Айтып берүү үчүн тексттен цитаталарды **колдонот**. |
| | | | **10.1.1.5.** Негизги эпизоддорду кептик үлгүлөргө таянып схема боюнча талдайт. | 1. Чыгармадагы эпизоддун ордун **аныктайт**.<br>2. Эпизоддо көркөм образдарды, окуяларды, көркөм сөз каражаттарын **бөлүп көрсөтөт**.<br>3. Берилген эпизоддогу негизги ойду **аныктайт**. |

КР билим берүү жана илим министри
_________________Г. Кудайбердиева
«_____»________________ 2017 ж.

ДОЛБООР

ДОЛБООР

| №<br>п/п | Компетенттүүлүк | Мазмундук нуктар | 10-класс | |
|---|---|---|---|---|
| | | | **Күтүлүүчү натыйжалар** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| | | | **10.1.1.6.** Ырды, жанрды эске алуу менен мүнөздөйт. | 1. Ырдын авторун, темасын, жанрын, негизги оюн (лирикалык каармандын, автордун сезимдери) **аныктайт.**<br>2. Көркөм образдарды **бөлүп көрсөтөт,** алардын маанисин **түшүндүрөт.**<br>3. Ырдагы маанилүү саптарды **комментарийлейт**.<br>4. Тексттеги негизги көркөм сөз каражаттарды (эпитеттерди, метафораларды, символ-образдарды ж.б.) табат.<br>5. Ырдагы ритмди, интонацияны, рифманы **аныктайт**.<br>6. Ырга карата өзүнүн мамилесин **айтат**, кыскача **түшүндүрөт**. |
| | | | | |
| | | **2.<br>Адабий каармандын образы** | **10.1.2.7.** Башкы адабий каарманды **мүнөздөйт**. | 1. Чыгармадагы каармандын ордун аныктайт жана өз оюн кыскача **аргументтейт**.<br>2. Каарманды мүнөздөө үчүн **план түзөт**.<br>3. Каармандын мүнөзүн ачып көрсөткөн цитаталарды **тексттен мисал келтирет**.<br>4. Адабий каарман жөнүндө аңгемеге баалоонун элементтерин киргизет.<br>5. Лирикалык каармандын образынын өзгөчөлүктөрүн атайт, өз түшүнүгүн тексттен мисалдар менен **бекемдейт.**<br>6. Драмалык каарманды мүнөздөгөн негизги ыкмаларды **тексттен табат** жана аларды **комментарийлейт**.<br>7. Көркөм образдардын маанисин ачат, каарман жөнүндө өз оюн айтат.<br>8. Каармандын жүрүм-турум моделин жана сезип кубануу же кайгыруусун жашоодогу кырдаалдар |

КР билим берүү жана илим министри
__________________Г. Кудайбердиева
«_____»_________________ 2017 ж.

| № п/п | Компетенттүүлүк | Мазмундук нуктар | 10-класс | |
|---|---|---|---|---|
| | | | **Күтүлүүчү натыйжалар** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| | | | | менен салыштырат. |
| | | | **10.1.2.8.** Адабий каарманды анын искусствонун башка чыгармаларындагы интерпретацияланышы (кино, графика, музыка, скульптура, театр) менен **салыштырат.** | 1. Сүрөтчүлөр, режиссёрлор адабий образдарды интерпретацияланы жөнүндө өз оюн айтат жана кыскача аргументтештирет.<br>2. Көркөм адабий чыгармадагы образдарды музыкалык жана сүрөт образдар менен салыштырат.<br>3. Салыштырып жаткан чыгармалар жөнүндө таасирленүүлөрү, сезимдери менен бөлүшөт.<br>4. Картинага, иллюстрацияга карата тексттен цитата келтирет.<br>5. Каармандын мүнөздөмөсүнө иллюстративдик план түзөт.<br>6. Каармандын мүнөзүн ачуу үчүн жанры, темасы боюнча жакын музыкалык чыгармаларды, живопись чыгармаларын тандайт жана өз тандоосун кыскача түшүндүрөт. |
| | | 3. **Көркөм кеп** | **10.1.3.9.** Сөздүк корун стилдүү жана эмоционалдуу боёлгон лексика менен, адептик-философиялык, этномаданий лексика менен, теориялык-адабий түшүнүктөр менен **толуктайт**. | 1. Тексттеги жаңы лексиканы бөлүп көрсөтөт жана сөздөрдүн, туюнтмалардын маанисин ачып берүү үчүн ар түрдүү ресурстарды **колдонот** (сөздүк, энциклопедиялар, интернет ж.б.)<br>2. Кыргыз, орус жана өзбек маданиятына мүнөздүү сөздөрдү жана сөз айкаштарын комментарийлейт.<br>3. Көркөм сөздүн коолдугун, көркөмдүгүн, тактыгын белгилейт.<br>4. Сабакта өздөштүрүлгөн түрдүү мүнөздөгү лексиканы чыгарманы мүнөздөө жана эркин айтып берүү үчүн колдонот. |
| | | 4. **Автордун дүйнөсү** | **10.1.4.10.** Окулган адабий чыгармаларды (үзүндүлөрдү) темалар, образдар, көркөм | 1. Ар түрдүү авторлордун чыгармаларынын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын бөлүп көрсөтөт. |

КР билим берүү жана илим министри
__________________Г. Кудайбердиева
«_____»_________________ 2017 ж.

ДОЛБООР

| № п/п | Компетенттүүлүк | Мазмундук нуктар | 10-класс | |
|---|---|---|---|---|
| | | | **Күтүлүүчү натыйжалар** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| | | | өзгөчөлүктөр ж.б.лар боюнча схема менен **салыштырат.** | 2. Маданий фактылардын сүрөттөлүшүн салыштырат, жалпылыктарды жана маданий өзгөчөлүктөрдү бөлүп көрсөтөт. |
| | | | **10.1.4.11.** Жазуучунун окулган чыгармалары боюнча жана эркин темалар боюнча дискуссияга **катышат.** | 1.Адабий чыгарма жөнүндө классташтарынын айткан пикирлерин **угат**.<br>2. Айтылган көйгөй тууралуу өз пикирин билдирет жана кыскача аны **аргументтейт**.<br>3. Пикирди же маалыматты такташ үчүн суроолорду **берет**.<br>4. Айтылган ойго өз мамилесин сылык формада **билдирет**.<br>5. Аргументация үчүн чыгармалардан жана кошумча адабияттан саптарды **цитата келтирет**. |
| | **2. Баалуулук-маанилик** | **1. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | **10.2.1.12.** Өзү окуй турган чыгармаларын **тандайт**. | **1.** Өз алдынча окуу үчүн көркөм чыгармаларды тандоосун **түшүндүрөт.**<br>2. Окуган китеби жөнүндө таасирленүүлөрү менен бөлүшөт.<br>**3.** Өз жашоосундагы китеп окуунун маанисин аныктайт.<br>**4.** Окуган чыгармасын класста **презентациялайт.** |
| | | **2. Адабий каармандын образы** | **10.2.2.13**. Сүйүктүү каарманы бар. | **1.** Каарман жөнүндө алгачкы таасирин айтат, образ жараткан сезимдерди **билдирет**.<br>**2.** Каармандын ички дүйнөсүнө кызыгат жана анын адеп-ахлактык баалуулуктарын **аныктайт**.<br>3. Өзүнүн сүйүктүү каарманды тандаганын аргументтейт.<br>4. Каармандын сюжеттеги ролун, анын психологиялык абалын жана ага автордун мамилесин **баалайт**.<br>5. Каарман жөнүндө жеке эмоционалдуу-образдуу таасирлерин автордук концепция менен **дал келтирет.** |

КР билим берүү жана илим министри
__________________Г. Кудайбердиева
«_____»_________________ 2017 ж.

ДОЛБООР

| № п/п | Компетенттүүлүк | Мазмундук нуктар | 10-класс | |
|---|---|---|---|---|
| | | | **Күтүлүүчү натыйжалар** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| | | **3. Көркөм кеп.** | **10.2.3.14.** Кепти образдуу сөздөр жана сөз айкаштар менен **байытат**. | 1.Көркөм кептин улуттук маданий элементтерине **кызыгат**.<br>2. Көркөм сөздүн кооздугун, көркөмдүгүн, тактыгын **белгилейт**. |
| | | **4. Автордун дүйнөсү** | **10.2.4.15**. Сүйүктүү автордун чыгармачылык портретин **презентациялайт**. | 1. Жазуучунун адабияттагы ордун **аныктайт**.<br>2. Түрдүү жазуучулардын чыгармачылыгынын (чыгармаларынын, стилинин) өзгөчөлүктөрүн **салыштырат**.<br>3. Жазуучу үчүн мүнөздүү негизги образ-символдорду бөлүп көрсөтөт жана аларды **комментарийлейт**. |
| | **3.Адабий-чыгармачылык** | **1. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | **10. 3.1.16.** Кайсы бир жанрдагы чакан өз чыгармасын **жаратат.** | 1. Түрдүү жанрлардагы көркөм чыгармаларды түзүүнүн моделин жана таяныч сөздөр менен сөз айкаштарды **колдонот**.<br>2. Классташтарынын чыгармаларын критерийлер боюнча баалоо жана өзүн-өзү баалоо **жүргүзөт**. |
| | | | **10. 3.1.17.** Түрдүү жанрлардагы чыгармалардан эпизоддорду **сахналаштырат**. | 1. Эпизодду **аныктайт** жана сахналаштырууга каарманды **тандайт**.<br>2. Эпизоддорду ролдоштуруп окуйт, каармандардын кебине мүнөздүү интонацияны **аныктайт**.<br>3. Каармандын сахнадагы образын (костюмунун деталдарын ж.б.) **жаратат**.<br>4. Топ менен иштеп, декорациянын элементтерин **даярдайт**.<br>5. Сабакта, адабий кечеде же башталгыч класстардын окуучулары үчүн иш-чарада сахналаштырууну **презентациялайт**. |
| | | **2. Адабий каарман** | **10.3. 2.18.** Адабий каарманды түрдүү формада чыгармачылык презентациялоону мугалимдин | 1. Тезистерди, цитаталардын планын **колдонот**.<br>2. Түрдүү графикалык уюштургучтарды (схема, концептуалдык карта, диаграмма, таблица) жана |

КР билим берүү жана илим министри
_________________Г. Кудайбердиева
«_____»_________________ 2017 ж.

ДОЛБООР

| № п/п | Компетенттүүлүк | Мазмундук нуктар | 10-класс | |
|---|---|---|---|---|
| | | | **Күтүлүүчү натыйжалар** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| | | | жардамы менен **даярдайт.** | чыгармага карата сүрөттөрдү **колдонот**.<br>3. МКТ жардамы менен презентация **көрсөтөт**.<br>4. Адабий кармандардын образдарына сүрөттөрдү **жаратат**.<br>5. Театрлашкан оюнга **катышат**.<br>6. Каармандын монологун **көркөм окуйт.** |
| | | **3.Көркөм кеп** | **10.3.3.19.** Түрдүү жанрлардагы окуп жаткан чыгармаларды (үзүндүлөрдү, монологдорду, ырларды ж.б.) **жатка көркөм окуйт.** | 1. Темага, автордук ойго, образга карата өз мамилесин окуу аркылуу **билдирет.**<br>2. Чыгармачылык кечелерде, адабий иш-чараларда **катышат**.<br>3. Классташтарынын көркөм окуусун критерийлер боюнча **баалайт**. |
| | | **4. Автордун дүйнөсү** | **10.3.4.20.** Адабий темадагы мини-долбоорду түзүүдө жана иштеп чыгууда **катышат**. | **1.** Түрдүү булактардан материал **тандайт.**<br>**2.** Адабий материалды башкалар менен **талкуулайт**.<br>3. Искусствонун башка түрлөрү аркылуу чыгарманы **мүнөздөйт**.<br>**4.** Башка топтордун иштерин критерийлер менен баалоого **катышат.**<br>**5.** Долбоордо эпизоддорду сахналаштырууну **колдонот.**<br>6. Долбоорду презентациялоонун түрдүү формаларын (схемаларды, иллюстрацияларды, МКТ ж.б.) **колдонот**. |
| | | | **10.3.4.21.** Баалоонун элементтери менен изложение, адабий темага дилбаян жазат (схема боюнча каарман жана чыгарма жөнүндө кыскача пикир, эссе, каарманга мүнөздөмө) | 1. Дил баяндын темасын, негизги оюн жана жанрын **аныктайт.**<br>2. Түрдүү жанрдагы дилбаяндарды жазуу үчүн схема **колдонот**.<br>3. Каарман, чыгарма жөнүндө таасирлерди **билдирет**.<br>4. Дилбаяндарда образдуу сөздөрдү жана сөз айкаштарды **колдонот**.<br>5. Жазуу иштеринин түрлөрүн критерийлер боюнча **баалайт**. |

КР билим берүү жана илим министри
__________________Г. Кудайбердиева
«_____»_________________ 2017 ж.

ДОЛБООР

**11-класс**

**Адабий чыгармаларды түшүнүү каражаттары: теориялык түшүнүктөрдүн минималдык тизмеси**

Адабий процесс тууралуу түшүнүк, адабий багыттар (романтизм, реализм, модернизм, постмодернизм), чыгармалардын жанрлары тууралуу тереңдетилген түшүнүк; жазуучунун жеке стилинин өзгөчөлүгү; көркөм ыкмалар, адабий сын, салттуулук жана жаңычылдык, жалпы маданий жана этномаданий баалуулуктар.

| № п/п | Компетенттүүлүктөр | Мазмундук нуктар | 11 класс | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Күтүлүүчү натыйжалар | Сунушталуучу көрсөткүчтөр |
| | **1. Окурмандык** | **1. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | 11.1.1.1. Өз алдынча окуган чыгармалардан үзүндүлөрдү үн чыгарып жана өз алдынча окуйт, бат жана көз жүгүртүп окуу **көндүмдөрүнө ээ**. | 1. Бат окуу көндүмдөрүн **көрсөтөт.** (мүнөтүнө 90-110 сөз)<br>2. Сөздөрдүн, сөз айкаштардын айтылыш орфоэпиялык нормаларын **сактайт**.<br>3. Берилген үзүндүнү туура окуу үчүн керектүү интонацияны **аныктап окуйт**. |
| | | | **11.1.1.2.** Жашоодогу кырдаалдар жана тексттеги мазмун боюнча изденүүчү мүнөздөгү көйгөйлүү **суроолорго жооп берет.** | **1.** Ойду айтуу үчүн кептик конструкцияларды **колдонот**.<br>**2.** Айтып берүүгө ылайыктуу аргументтерди тексттен жана кошумча булактардан **табат.** |
| | | | **11.1.1.3.** Айтып берүүнүн түрлөрүнө (кыскача айтып берүү, ой жүгүртүүчү аңгеме, тандалган айтып берүү ж.б.) план **түзүү көндүмдөрүнө ээ.** | 1. Текстти маанилик бөлүктөргө бөлөт, бөлүнүшүн кыскача **түшүндүрөт**.<br>**2.** Пландын пункттарын атоонун түрдүү формаларын **колдонот.**<br>3.План теманы кантип ачарын жана айтып берүүдөгү негизги ойду **түшүндүрөт**.<br>4. Түзүлгөн планга ондоолорду **киргизет.** |

КР билим берүү жана илим министри
_________________Г. Кудайбердиева
«_____»_________________ 2017 ж.

ДОЛБООР

| № п/п | Компетенттүүлүктөр | Мазмундук нуктар | 11 класс | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Күтүлүүчү натыйжалар | Сунушталуучу көрсөткүчтөр |
| | | | | |
| | | | **11.1.1.4.** Чыгарманын негизги окуяларын жана эпизоддорун айтып берүү **көндүмдөрүнө ээ**. | 1. Текстте негизги эпизоддорду бөлүп көрсөтөт жана алардын маанисин, ордун **түшүндүрөт**.<br>2. Айтып берүү үчүн тексттен негизги сөздөрдү жана сөз айкаштарды **тандайт**.<br>3. Айтып бергенде тексттен цитаталарды **колдонот**.<br>4. Айтып берүүгө баалоонун элементтерин **киргизет.**<br>5. Айтып берүүнүн түрлөрүнө графикалык уюштугучтарды, таяныч схемаларды **колдонот.** |
| | | | **11.1.2.5.** Чыгармадагы негизги эпизоддорду (схема боюнча) **талдоонун көндүмдөрүнө ээ**. | 1**.** Эпизоддун чыгармадагы ордун **аныктайт**.<br>2. Эпизоддогу көркөм образдарды, окуяларды, көркөм сөз каражаттарды бөлүп **көрсөтөт**.<br>3. Берилген эпизоддогу негизги ойду **аныктайт**.<br>4. Эпизоддорду салыштырат, алардын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын **аныктайт**. |
| | | | **11.1.1.6.** Ырды анын жанрдык өзгөчөлүгүн эске алуу менен **талдоо көндүмүнө ээ.** | 1. Ырдын негизги оюн, авторун, темасын, жанрын (автордун, лирикалык каармандын сезимдери) **аныктайт**.<br>2. Көркөм образдарды бөлүп **көрсөтөт**, алардын маанисин **түшүндүрөт**.<br>3. Ырдан саптарды **комментарийлейт**.<br>4. Негизги көркөм сөз каражаттарын (эпитеттер, метафоралар, образ-символдор ж.б.) табат жана алардын тексттеги ролун **түшүндүрөт**.<br>5. Ырдын ритмин, интонациясын, рифмасын |



ДОЛБООР

| № п/п | Компетенттүүлүктөр | Мазмундук нуктар | 11 класс | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Күтүлүүчү натыйжалар | Сунушталуучу көрсөткүчтөр |
| | | | | аныктайт.<br>6. Ырга өз мамилесин **кыскача айтып берет.** |
| | | **2. Адабий каармандын образы** | **11.1.2.7.** Каармандын кыскача мүнөздөмөсүн (жеке, салыштырма, топтук) **түзүү көндүмүнө ээ.** | 1. Мүнөздү ачып берүү үчүн (портрет, сүрөттөө, мүнөзүнүн сапаттары, автордун баасы жана башка каражаттар) керектүү каражаттардын минимумун текстте **бөлүп көрсөтөт.**<br>2. Каарманды мүнөздөгөн цитаталарды тексттен **колдонот**.<br>3. Баалоо мүнөздөгү сөздөрдү аңгемеге киргизет.<br>4. Каарман жөнүндө өз пикирин **айтат**, аны **аргументтейт**.<br>**5.** Жүрүм-турум моделин жашоо кырдаалдарына байланыштуу кубануу же сезип кайгыруу **менен дал келтирет.** |
| | | **3.Көркөм кеп.** | **11.1.3.8**. Сөздүк корун жаңы сөздөр жана теориялык-адабий түшүнүктөр менен **толуктоо көндүмдөрүнө ээ.** | 1. Жаңы лексиканы текстте **бөлүп көрсөтөт** жана сөздөр менен сөз айкаштардын маанисин ачуу үчүн түрдүү ресурстарды (сөздүк, энциклопедия, интернет жана башка) **колдонот**.<br>2. **С**тилистик жана эмоционалдуу боёлгон, адеп-философиялык, этномаданий лексиканы **айырмалайт**.<br>3. Сөздөрдү, түрмөктөрдү, кыргыз, орус жана өзбек адабияттардагы тексттердеги учкул ойлорду **комментарийлейт**.<br>4. Өзү окуй турган чыгармаларын **тандайт**.<br>5. Сабакта өздөштүрүлгөн түрдүү мүнөздөгү лексиканы чыгарманы мүнөздөө жана эркин айтып берүү үчүн **колдонот**. |

КР билим берүү жана илим министри
__________________Г. Кудайбердиева
«_____»_________________ 2017 ж.

ДОЛБООР

| № п/п | Компетенттүүлүктөр | Мазмундук нуктар | 11 класс | |
|---|---|---|---|---|
| | | | **Күтүлүүчү натыйжалар** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| | | | | |
| | | **4. Автордук дүйнө.** | **11.1.4.9.** Окуган чыгармаларын (үзүндүлөрүн) темалар, образдар, көркөм өзгөчөлүктөр ж.б. боюнча **салыштыруу көндүмүнө ээ болот**. | **1.** Түрдүү авторлордун чыгармаларынын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын **бөлүп көрсөтөт.**<br>2. Маданий фактылардын сүрөттөлүшүнөн жалпылыктарды жана маданий өзгөчөлүктөрдү **бөлүп көрсөтөт** (образдар-символдор, картиналар, эмоциялар ж.б.) |
| | **2. Баалуулук - маанилик** | **1. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | **11. 2.1.10.** Өзү окуй турган чыгармаларын **тандайт**. | 1. Мындан ары окуп, ички руханий өнүгүү үчүн окуунун маанисин жана максатын түшүндүрөт.<br>2. Китеп окууну эстетикалык, адеп-ахлактык жана таанып-билүүчүлүк тажрыйбанын булагы катары **кабыл алат.**<br>3. Өзүнүн окурмандык ишмердигинин жыйынтыгын **баалайт**.<br>4. Сүйүктүү жазуучусун, жанрды тандаганын **негиздейт**.<br>5. Өзүнүн классташтарына окуганга китеп **сунуштайт**, чыгармаларды **талкуулайт**. |
| | | **2. Адабий каармандын образы** | **11. 2.2.11.** Сүйүктүү каарманы бар. | 1. Сүйүктүү каарманын тандаганын түшүндүрөт жана өз эстетикалык идеалын аныктайт.<br>**2.** Адабий каармандардагы алмаштыргыс баалуулуктарды **аныктайт**.<br>3. Мезгилдин талаптары менен адабий каарманды **дал келтирет**. |
| | | **3.Көркөм кеп** | **11.2.3.12.** Көркөм чыгармадагы образдык сөздөр жана сөз айкаштарга **ээ болот.** | 1. Көркөм кептин улуттук –маданий элементтерине **кызыгат**. |

ДОЛБООР

КР билим берүү жана илим министри
_________________Г. Кудайбердиева
«_____»_________________ 2017 ж.

| № п/п | Компетенттүүлүктөр | Мазмундук нуктар | 11 класс | |
|---|---|---|---|---|
| | | | **Күтүлүүчү натыйжалар** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| | | | | 2. Түрдүү маданияттын жазуучуларынын чыгармаларынын көркөм кебинин өзгөчөлүктөрүн **комментарийлейт**.<br>3.Дилбаяндарда, оозеки сүйлөгөндө образдуу сөздөрдү жана сөз айкаштарды колдонот. |
| | | **4. Автордун дүйнөсү** | **11.2.4.13.** Сүйүктүү авторунун чыгармачылык портретин түрдүү формаларда презентациялоо **көндүмүнө ээ болот.** | **1.Сүйүктүү жазуучусун тандаганын негиздейт.**<br>2.Сүйүктүү жазуучусун көрсөтүү үчүн заманбап технологиялык мүмкүнчүлүктөрдү **колдонот**.<br>**3.** Азыркы кездеги адабиятты таратуу каражаттарын **изилдейт**. |
| | **3.Адабий-чыгармачылык** | **1.Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | **11. 3.1.14.** Кайсы бир жанрда чакан өз чыгармасын **жаратат**. | 1. Түрдүү жанрлардагы көркөм чыгармаларды жазуу моделин жана таяныч сөздөрдү жана сөз айкаштарын **колдонот.**<br>2. Критерийлер боюнча классташтарынын чыгармаларын баалоону жана өзүн-өзү баалоону **өткөрөт**. |
| | | | **11. 3.1.15.** Түрдүү жанрлардагы чыгармалардан эпизоддорду сахналаштырат. | Эпизодду **аныктайт** жана сахналаштырууга каарманды **тандайт**.<br>2. Эпизоддорду ролдоштуруп окуйт, каармандардын кебине мүнөздүү интонацияны **аныктайт**.<br>3. Каармандын сахнадагы образын (костюмунун деталдарын ж.б.) **жаратат**.<br>4. Топ менен иштеп, декорациянын элементтерин **даярдайт**.<br>5. Сабакта, адабий кечеде сахналаштырууну **презентациялайт**. |

КР билим берүү жана илим министри
_________________Г. Кудайбердиева
«_____»_________________ 2017 ж.

ДОЛБООР

| № п/п | Компетенттүүлүктөр | Мазмундук нуктар | 11 класс | |
|---|---|---|---|---|
| | | | **Күтүлүүчү натыйжалар** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| | | | | |
| | | **2. Адабий каармандын образы** | **11.3. 2.16.** Адабий каарманды түрдүү формада чыгармачылык презентациялоо **көндүмүнө ээ болот**. | 1. Тезистерди, цитаталардын планын **түзөт**.<br>2. Түрдүү графикалык уюштургучтарды (схема, концептуалдык карта, диаграмма, таблица) жана чыгармага карата сүрөттөрдү **колдонот**.<br>3. МКТ жардамы менен презентация **көрсөтөт**.<br>4. Адабий кармандардын образдарына сүрөттөрдү **жаратат**.<br>5. Театрлашкан оюнга **катышат**.<br>6. Каармандын монологун **көркөм окуйт.** |
| | | **3. Көркөм кеп** | **11.3.3.17.** Түрдүү жанрлардагы окуп жаткан чыгармаларын (үзүндүлөр, монологдор, ырлар) **жатка көркөм окуйт**. | 1. Темага, автордук ойго, образга карата өз мамилесин окуу аркылуу **билдирет.**<br>2. Чыгармачылык кечелерде, адабий иш-чараларда **катышат**.<br>3. Классташтарынын көркөм окуусун критерийлер боюнча **баалайт**. |
| | | | **11.3.3.18.** Баалоонун элементтери бар баяндамаларды, түрдүү жанрлардагы чакан дилбаяндарды жазуу **көндүмдөрүнө ээ болот**. | 1. Дилбаяндын, баяндаманын темасын, негизги оюн жана жанрын аныктайт.<br>2. Эркин, аргументтештирилген эссе ж.б. жазууда схеманы **колдонот**.<br>3. Чыгарманы окугандагы таасирленүүнү **чагылдырат**. |

ДОЛБООР

КР билим берүү жана илим министри
__________________Г. Кудайбердиева
«_____»_________________ 2017 ж.

| № п/п | Компетенттүүлүктөр | Мазмундук нуктар | 11 класс | |
|---|---|---|---|---|
| | | | **Күтүлүүчү натыйжалар** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| | | | | 4. Дилбаяндын текстине көркөм сөз каражаттарын (эпитеттер, салыштыруу, метафоралар ж.б.) **киргизет**.<br>6. Чыгармачылык иштерге аларды баалоонун критерийлерине таянып өзгөртүү **киргизет**. |
| | | **4. Автордун дүйнөсү** | **11.3.4.19.** Адабий темада билдирүүнү, пикирди түзүү **көндүмдөрүнө ээ болот.** | **1.** Түрдүү булактардан материал **тандайт.**<br>**2.** Адабий материалды башкалар менен **талкуулайт**.<br>3. Билдирүүнүн түрлөрүн түзүүнүн моделине **ээ болот.**<br>4. Үйрөнгөн теориялык-адабий түшүнүктөрдү жумуштарда **колдонот**. |
| | | | **11.3.4.20.** Адабий темадагы мини-долбоорду (искусствонун башка түрлөрүн колдонуп) жаратуу жана иштеп чыгуу **көндүмүнө ээ болот.** | **1.** Түрдүү булактардан материал **тандайт.**<br>**2.** Адабий материалды башкалар менен **талкуулайт**.<br>3. Жумуштун презентациясынын өз бөлүгүнө **жооп берет**.<br>4. Искусствонун башка түрлөрүнүн чыгармаларын теманы ачууда **колдонот**.<br>5. Долбоорду презентациялоонун түрдүү формаларын (схемаларды, иллюстрацияларды, МКТ ж.б.) **колдонот**.<br>6.**Участвует** в презентации и оценке проекта по критериям. Презентацияда жана критерийлер боюнча баалоодо **катышат**. |

КР билим берүү жана илим министри
_________________Г. Кудайбердиева
«_____»_________________ 2017 ж.

ДОЛБООР

## 3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

Баалоо окуучулардын окуу жетишкендиктеринин предметтик стандарттын мазмунуна дал келишин аныктоо максатында жүргүзүлөт. Инсанга багытталган окутуунун практикасында окуучулардын окуу жетишкендиктерин текшерүүнүн төмөнкү стратегиялары көбүрөөк жайылтылган:

1) окуучунун баштапкы жана аякталыштагы жыйынтыктарынын дал келиши, б.а. окуучунун жеке өсүшүнүн динамикасы;

2) окуучу жасаган иштин чен-өлчөмдөрү менен дал келиши.

Окутуу учурунда төмөнкүлөр бааланат:

– сабак учурундагы окуучулардын иши;

– окуучулардын ишмердүүлүгүнүн натыйжасы;

– Окуучулардын жетишкендиктерин баалоодо тапшырмалардын түрдүү тапшырмалары колдонулат.

– Тапшырмаларды топторго бөлүштүрүү төмөндөгүлөрдү эске алуу менен өткөрүлөт:

– берилген тапшырмаларды чечүүнүн ар түрдүү деңгээлдеги татаалдыгын;

– окуучулардын тапшырмаларды чечүүнүн ар түрдүү деңгээлдеги өз алдынчалыгын.

**1-топтогу тапшырмалар** – текст боюнча жалпы багыт алуу, ачык берилген маалыматты колдонуу: ачык берилген маалыматты издөө жана табуу, ошондой эле тексттеги фактылардын негизинде түз жыйынтыктар менен корутундуларды формулировкалоо (тексттеги маалыматтын негизги темасын жана идеясын түшүнүү, тексттеги айтылгандар боюнча жалпы түшүнүк).

**2-топтогу тапшырмалар** – текстти терең түшүнүү, маалыматты интерпретациялоо жана өзгөртүп түзүү, анализдөө, текстте ачык эмес берилген маалыматты жалпылоо жана интерпретациялоо, текстте түз айтылбаган байланыштарды орнотуу, бир топ татаал жыйынтыктарды жана баалоочу ойлорду айтуу.

**3-топтогу тапшырмалар** – маалыматты окуу-практикалык тапшырмаларда колдонуу жана өз тексттерин түзүү, карама-каршы жана талаш маалыматты табуу, алынган маалымдоо боюнча баалоочу пикирин жана өз көз карашын айтуу.

Төмөнкү таблицада предметтик стандарттардын жетишкендиктерин таап көрсөтүүгө багытталган тапшырмалардын түрлөрүнүн варианты жана бул же

ДОЛБООР

тигил тапшырмалар үчүн баанын оордугун болжолдуу бөлүштүрүү сунушталган.

**3-таблица. Окуучулардын компетенттүүлүгүн баалоо үчүн тапшырмалардын түрлөрү**

| № | Окуучулардын компетенттүүлүгүн баалоочу тапшырмалардын түрлөрү | Баанын оордугун болжолдуу бөлүштүрүү | Тапшырмалардын топтор менен дал келиши |
|---|---|---|---|
| 1. | Айтып берүүнүн түрлөрү | 10% | 1 |
| 2. | Окуучулардын текстке карата суроо берүүсү. Суроолорго жооп берүүсү | 10% | 1,2,3 |
| 3. | Чыгармаларды, образдарды, темаларды, эпизоддорду анализдөө. | 20% | |
| 4. | Жазуу иштери (иштердин мазмунга багытталуусу, окуучулардын рефлексиясынын негизинде кыргыз тили сабактары менен байланыш):<br>Эркин эссе.<br>Аргументтештирилген эссе.<br>Түрдүү жанрларда дил баян (эссе, жомок, тамсил, ыр, аңгеме). | 15% | 2,3 |
| 5. | Көркөм окуу.<br>Сахналаштыруу.<br>Иллюстрациялоо, жабыштырып жасоо, аппликация жана башкалар. | 10% | 3 |
| 6. | Адабий темалар боюнча чыгармачылык долбоор.<br>Комплекстүү долбоор (сүрөт колдонуу менен чоң эмес изилдөө, музыка, информатика). | 20% | 2,3 |
| 7. | Чыгармачыл презентация | 15% | 2,3 |

Эскертүү:

Иштердин саны жана баалардын оордугу боюнча бөлүштүрүү класстан-класска компетенттүүлүгүнүн өсүү динамикасын эске алуу менен ишке ашырылат. Класстарга бөлүштүрүүгө ылайык баалоо үчүн жалпы багыт болуп төмөнкүлөр эсептелет:

– жумуштун көлөмү

– кабыл алуу менен түшүнүүнүн тереңдиги

– өз алдынчалыктын деңгээли (демилгелөө, тандоо, интерпретациялоо)

– чыгармачылык ыкма

– айтканын аргументтештирүүсү, текстке таяныч

КР билим берүү жана илим министри
_________________Г. Кудайбердиева
«_____»_________________ 2017 ж.

ДОЛБООР

Окуучулардын ишмердүүлүгүнүн натыйжасын баалоо критерийлери ар бир тапшырмага жана иштин түрлөрүнө карата түзүлөт.

**Предметти өздөштүрүүнүн деңгээли**

Предметти өздөштүрүүнүн денгээлдерин бөлүштүрүү үчүн негиз адабий чыгарманы кабыл алуу сапатына багытталган. Окуучулардын адабий чыгарманы кабыл алуусунун сапаты окурмандын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын талдоонун негизинде түзүлөт (тапшырмалардын жыйнагын жана түрлөрүн караңыз).

Кабыл алуунун сапаты деп окурмандын каармандар жана чыгарманын автору менен кошо башынан кечирүү, эмоциялардын динамикасын көрүү, жазуучу жараткан турмуш картинасын элестетүүнү кайра түзүү, каармандардын кылган жоруктарынын түп натыйжасы, мотивдери тууралуу ой жүгүртүү, чыгарманын каармандарын баалоо, автордун позициясын аныктоо, чыгарманын идеясын өздөштүрүү, б.а. автор койгон көйгөйдү өз жан дүйнөсүнөн баалап, сындоо жөндөмдүүлүгүн түшүнөбүз. Чыгарманы толук түрдө кабыл алуу окуучунун адабий өнүгүүсүнүн жогорку деңгээли жөнүндө кабарлайт.

Окуучунун окурмандык сезимдеринин активдүүлүгүн, кайра жаратуучу жана чыгармачыл элестетүүсүн, көз алдыга элестетүүсүнүн конкреттүүлүгүн жана көркөм жалпылоого сиңүү денгээлин, окуунун, окурмандык баасынын жана ориентир алуусунун үстөмдүк кылуучу мотиивдерин эске алып, окуучунун кабыл алуусунун үч деңгээлин бөлүп көрсөтүүгө болот:

– сюжеттүү окуялуу (төмөн) деңгээл;
– образдуу-аналитикалык (орто) деңгээл;
– идеялык-эстетикалык (жогорку) деңгээл.

Кыргыз жана дүйнөлүк адабияты боюнча чыгармачыл иштерди аткарууда сабаттуулугу бааланбайт, бир гана баа коюлушу керек. Себеби, окуучу чыгармачыл ишти аткарууда чыгармачыл продукт түзүү деген бир гана татаал тапшырманы чечип жаткан болот. Дил баянда ошол чыгармачыл тапшырманын аткарылыш натыйжасын баалоо керек. Теориялык билимдер баа менен бааланбайт. Адабий-теориялык түшүнүктөрдүн эрежелерин так айтып берүү талап кылынбайт. Бул стандартта адабий-теориялык түшүнүктөр көркөм чыгарманы кабыл алуунун куралы катары каралат, алар класстын практикалык



ДОЛБООР

ишинде “жашаш” керек; аларды практикалык иштин керектүү каражаты катары колдонуу сунушталат.

Окуучуларды баалоодо окуучуларга да, ата-энелерге да, педагогдорго да түшүнүктүү пландаштырылган күтүлүүчү натыйжалардын жетишүүсүнүн так чен-өлчөмдөрүн иштеп чыгуу зарыл.

**Чен-өлчөмдүк** баалоо – так аныкталынган, жалпы жааматта иштелип чыккан, алдын-ала бардыгына белгилүү болгон, билим берүүнүн мазмуну менен максаттарына дал келген, окуучулардын белгилүү компетенттүүлүгүн калыптандырууга мүмкүнчүлүк түзгөн критерийлер менен окуучулардын окуу жетишкендиктерин салыштырууга негизделген процесс. Чен-өлчөмдүк баалоо бул контекстте жаза же таасир кылуу катары каралбайт, маалымат каражаты гана болот.

Мектеп окуучуларынын баалоо процессине катышуусу бардык жеткиликтүү формаларда өтө эле каалаган жагдай болот:

1) баалоонун чен-өлчөмдөрүн иштеп чыгууга катышуусу;
2) өз ара баалоосу;
3) аткарылган окуу аракеттеринин жыйынтыктарын рефлексивдүү талдоосу жана өзүн-өзү баалоосу;

Мисалы, “... жатка көркөм окуйт” деген күтүлүүчү натыйжа окуучунун төмөнкү чен-өлчөмдөргө жетишкени аныкталганда талашсыз болот:

1) Ырды мыкты билет жана жатка окуйт
2) Сөздөрдү жана сөз айкаштарды туура айтат
3) Ырды окуганда интонацияны, темпти жана ритмди өзгөртөт
4) Лирикалык каармандын сезип кубануусун же кайгысын, сезимдерин жеткирет
5) Темага, автордук идеяга, образдарга өз мамилесин билдирет.

ДОЛБООР

## 4-бөлүм. Билим берүү процессине коюлуучу талаптар

### 4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар

Стандарттарды ишке ашырууну максаттуу камсыздоого арналган адабий чыгармаларды тандоо критерийлерин иштеп чыгуунун негизинде программаларды түзүү:

– окуучулардын адабий чыгармаларды эстетикалык кабыл алуусун уюштурууга көңүл бурган жаңы типтеги окуу китептерин иштеп чыгуу.

– хрестоматияларды иштеп чыгуу.

– предметтин негизги максатын эске алуу менен жумушчу дептер түзүү.

10-11-класстардын окуучулары үчүн окуу материалдарынын негизги жанрлары:

– **хрестоматия,** программага ылайык көркөм тексттер жана алардан үзүндүлөр гана берилет (бул жогорку класстарда окуу китеби менен айкалыштырып колдонулат);

– **окуучулар үчүн колдонмо**, теориялык маалыматтар кайсы бир класска арналган курс боюнча көндүмдөрдү жана билгичтиктерди калыптандыруучу көнүгүүлөр менен айкалыштырылып берилет же так бир тема иштелип чыгылат (бардык класстар үчүн колдонулат);

же

– **практикалык окуу китеби**, мында негизинен көркөм чыгармаларды окутуу үчүн суроолор жана тапшырмалар берилет.

Ресурс катары башка материалдар да колдонулат

- сүрөттүү мүнөздөгү окуу материалдары (таяныч конспектилер, схемалар, таблицалар, диаграммалар, моделдер ж.б.);
- көрсөтмө берүү мүнөзүндөгү окуу материалдары (окуучулардын өз алдынча иштөөсүн уюштуруу боюнча көрсөтмөлөр, алгоритмдер, инсандын өзүн өзү көрсөтүүсүнө арналган программа ж.б.);
- окуучулардын өздөштүрүү деңгээлин диагностикалоонун куралдары (окуучулардын адабий билимдин мазмунун өздөштүрүүсүн аралык, тематикалык жана жыйынтык текшерүү );
- мектеп китепканасындагы көркөм чыгармалардын текстери;
- электрондук окуу материалдары жаңычыл ресурс катары:
- санариптик жана мультимедиялык форматтагы текст түрүндөгү материалдар (көркөм, адабий сын, биографиялык жана маалыматтык),



ДОЛБООР

- аудиотексттер,
- көркөм жана окуу боюнча видеофильмдер,
- санариптик иллюстрациялар, картиналардын жана фотосүрөттөрдүн репродукциялары
- видеоэкскурсиялар.

## 4.2. Шыктандыруучу окутуу чөйрөсүн түзүү

Окуу жана кабыл алуу ыктарын этап-этабы менен ырааттуу калыптандыруу зарыл экени жөнүндө жалпы түшүнүк чыгарманы түшүнүүнүн негизин түзөт: комментарийлөө, талдоо жана көркөм текстти интерпретациялоо; көркөм текстке салынган маанини түшүнүүгө мүмкүн болгон алгоритмине ээ болуу, окуганы боюнча өзүнүн баалоосун жана ой жүгүртүүсүн чагылдырган өз текстин дискуссияларда, эсселерде, долбоорлордо түзүү.

Ушуга байланыштуу компеттенттүүлүктөрдү калыптандыруунун үстүнөн иштөө процессинде кыргыз жана дүйнөлүк адабияттын көркөм чыгармаларын окуп түшүнүү боюнча окутуунун инсанга багытталган технологияларына таяныч менен иштөөнүн төрт аспектисин бөлүп көрсөтөбүз:

- текстте багыт алуу жана аны биринчи кабыл алуусун уюштуруу;
- текстти кайра окуп чыгуу жана анализ жасоо;
- чыгарманы экинчи жолу кабыл алуу – интерпретациялоо;
- баалоо.

Кыргыз жана дүйнөлүк адабияты сабактарында белгиленген компетенттүүлүктөрдү калыптандырууну камсыздаган өнүмдүү (натыйжалуу) окуу технологиясы жетектөөчү технология болуп эсептелет**.**

Технология текст менен иштөөнүн үч баскычын киргизет, бул баскычтар окурмандык ишмердүүлүктүн структурасынын өзгөчөлүгүнө негизделген.

**I баскыч. Текстти окууга чейинки иш.**

**Актуалдаштыруу. Божомол жүргүзүү** (алдын ала кубануу, окула турган текстти божомолдоо). Биринчи кабыл алууну уюштуруу. Тексттин маанилик, тематикалык, эмоционалдык багытын аныктоо, чыгарманын аталышына, автордун атына, орчундуу сөздөргө карап, тексттен мурунку келген иллюстрация менен таанышып, окурмандык тажрыйбага таянып, окула элек чыгарманын каармандарын бөлүп көрсөтүү.



ДОЛБООР

Сабактын максаттарын коюуда окуучунун ишке жалпы даярдыгын (окутуучу, кызыктыруучу, эмоционалдык, психологиялык) эске алуу.

**II баскыч. Окуу. Текстти окуу учурундагы иш. Окуу процесси.**

Текстти алгачкы окуу. Мазмуну боюнча жалпысынан маектешүү. Алгачкы кабыл алууну аныктоо, алгачкы таасирленүүнү белгилөө. Текстти кайрадан окуп чыгуу. Шашпай “ойлонуп” кайталап окуу.

Текстти анализдөө.Текстти кабыл алуу менен аны анализдөөнүн арасындагы ажырымды жеңүү.

**III баскыч. Текстти окугандан кийинки иш. Кайрадан окуу. Кийинки окуу.**

Интерпретациялоо. Текст боюнча маек.Тексттин негизги идеясын жана анын башкы маанилеринин кошулушун аныктоо. Ойлонуу, өздөштүргөндөрүн текшерүү, окуганы боюнча сүйлөшүү.

Чыгарманы баалоо. Окуганын практикалык ишмердүүлүктө колдонуу. Окуучулардын адабий чыгармачылыгы.

Сабак стандартты ишке ашыруунун, предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруунун жана окутуунун натыйжаларына жетишүүнүн негизи болуп саналат. Жаңы муундагы стандарттын моделин ишке ашыруу адабият сабактарында окутуунун максаттарын жана ыктарын өзгөртүүнү, колдонулуп жаткан методикаларды жана технологияларды өзгөртүүнү талап кылат.

Көркөм чыгарманын мазмунун түшүнүү үчүн окурман мазмунду өз башынан өткөрүп чыгуу керек. Бул нерсе адабияттын окурманга тийгизген эстетикалык таасиринин улам болушу мүмкүн. Чыгарманы анализдеп баштоодон же анын маанисин түшүндүрүп баштоодон мурун, мектеп окуучусуна бул же тигил жол менен (кээде жакшылап окуу жетиштүү) бул чыгарманын кооздугун сезүүгө, эмоцияларды башынан өткөрүп сезүүгө жана сезгендерин сөз менен айтып берүүгө, так атап берүүгө жардам берүү керек.

Мында окуучулар көбүнчө эмоцияларынын аталыштарын атоодо, айтып берүүдө кыйынчылыктарга туш келишет.

**Адамдын негизги эмоциялары менен сезимдеринин тизмеси**

| **оң** | **терс** | **калыс** |
|---|---|---|
| 1. ырахат<br>2. кубаныч<br>3. сүйүнүч<br>4. сыймыктануу | 12. кусалык<br>13. кайгы-капа<br>14. үмүт үзүү<br>15. капалантуу | 31. кулак түрүү, өтө кызыгуу.<br>32. таң калуу<br>33. көңүл коштук |

ДОЛБООР

| | | |
|---|---|---|
| 5. ишеним<br>6. үмүт<br>7. суктануу<br>8. сүйүү<br>9. сыйлоо<br>10. менменсинүү<br>11. бакубаттуулук | 16. айгай салуу<br>17. таарыныч<br>18. коркуу<br>19. аёо, кошо кайгыруу<br>20. тилектештик (боорукердик).<br>21. (кайгыруу) өкүнүү<br>22. ачуулануу<br>23. кыжырлануу (каардануу).<br>24. какшык<br>25. үрөйү учуу<br>26. ишенбегендик (күмөн саноо)<br>27. жек көрүү<br>28. жийиркенүү<br>29. иренжүү<br>30. өкүнүү | **34.** ээн-эркин-жайбаракат байкоо |

( Адамдын негизги эмоциялары менен сезимдеринин тизмесин караңыз // жеткиликтүү: http://elatriym.com/upravlenie-emocijami/vidy-emocij-cheloveka)

Окуучулардан автордук позицияны маани берип түшүнүү, фактыларды кайра калыбына келтирип чыгуу эле эмес, көркөм идеяны өздөштүрүү талап кылынат. Чыгармадагы жашоодогудай кырдаал анализге алынат, анан ал кырдаал кантип сүрөттөлгөнү, бул кырдаалды жазуучу кандай баалагандыгы, б.а. чыгарманын көркөм сүрөт каражаттары да анализге алынат. Көркөм чыгарманы окуу эстетикалык ишмердүүлүктү талап кылат: эмоциялардын, элестетүүнүн, ой жүгүртүүнүн өз ара байланыштуу иштеши.

“Кыргыз жана дүйнөлүк адабияты” сабагында инсанга багытталган окутуу технологияларын колдонуу аркылуу кызыктыруучу билим берүү чөйрөсүн түзүү. Предметтин өзү изилдөөгө кызыктырууга жакын келет: салттарды, улуттук маданияттардын өзгөчөлүгүн, аларды түзүүнүн чыгармаларда чагылдырылган мүнөздөрү жана ыкмаларын салыштыруу; «үндөштүгүн», байланышын, аналогияларды табуу жана жанрдык өзгөчөлүгүнө, кыргыз жана дүйнөлүк адабияттагы жазуучулардын, акындардын стилдик бөтөнчөлүгүнө көңүл буруу. Чыгармалардын ортосундагы, бир чыгарманын ичиндеги эстетикалык маалыматтарды интеграциялоо үчүн чоң мүмкүнчүлүктөр ачылат.

Окуу милдеттерин ишке ашыруу үчүн төмөнкү **методикалар** колдонулат:
− чыгармаларды жана эпизоддорду терең ойлонуп окуу методикасы (Ю.М. Лотман, Л.А.Шейман),
− текстти интерпретациялоонун ар түрдүү ыкмалары,



ДОЛБООР

– көркөм чыгармалардын текстерин салыштырып талдоо,
– көркөм текстти окутуунун салттык жана инновациялык методдорунун синтези.
– талаш-тартыштар,
– долбоорлор,
– көркөм окуу,
– сүрөт аркылуу кооздоо,
– оозеки сөз менен сүрөттөп берүү,
– окшош темадагы музыкалык чыгармаларды угуу жана көркөм-сүрөт өнөрүнүн чыгармаларын көрүү

**Технологиялар:**

– сынчыл ойломду өнүктүрүү технологиясы,
– оюн технологиясы,
– изилдөө технологиясы;
– интеграциялык технология;
– формативдик жана критерийлер аркылуу баалоо.

Мына ушул методдор, ыкмалар жана технологиялар окуучунун көркөм чыгарманы өз алдынча аңдоо, аны эстетикалык кабыл алуу деңгээлине жеткирүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**Адабият кабинетинин материалдык-техникалык жабдылышы**

- Компьютер
- Проектор
- Экран
- Окуу жана көркөм фильмдердин видеотекасы

Жаңы муундагы стандарттардын моделин ишке ашыруу «Кыргыз жана дүйнөлүк адабияты» сабагын окутуунун, методика жана технологияларды колдонуунун максатын жана ыкмаларын өзгөртүүнү талап кылат.

КР билим берүү жана илим министри
_________________Г. Кудайбердиева
«_____»_________________ 2017 ж.

ДОЛБООР